**Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу**

*(2017-жылдын январь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик казына облигацияларын (мындан ары - МКО) жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн жана суроо-талаптын сунуштан артышына байланыштуу МКО бир жолу кошумча жайгаштырылган.

Аукциондо МКОнун жарыяланган эмиссиясынын көлөмү ай ичинде 62,7 пайызга төмөндөө менен 535,0 млн сомду түзгөн. Суроо-талап көлөмү өткөн айга салыштырмалуу 68,5 пайызга төмөндөп, 1,2 млрд сомду түзгөн. Мында, рыноктун катышуучулары тарабынан (кошумча жайгаштырууну эске алганда) 785,0 млн сом суммасында (-44,6 пайыз) 2 жылдык МКО сатылып алынган.

Отчеттук мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 1,0 п.п. төмөндөө менен 13,3 пайызды түзгөн.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тартып 2,4 пайызга көбөйүү менен 14,0 млрд сомду түзгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 61,4 пайызга чейин (-1,6 п.п.) төмөндөшү, ал эми коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 37,9 пайызга чейин (+1,5 п.п.) көбөйгөн. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,7 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн.

Ай жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси 0,35 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвестордун катышкандыгына дал келет.

**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. Инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2016 | 9 909 750,6 | 3 870 305,9 | 39,1 | 6 011 028,7 | 60,7 | 28 366,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.03.2016 | 9 906 961,3 | 3 884 638,0 | 39,2 | 5 985 307,3 | 60,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.04.2016 | 9 625 061,3 | 4 067 738,0 | 42,3 | 5 520 307,3 | 57,4 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.05.2016 | 10 341 061,3 | 4 641 300,3 | 44,9 | 5 662 745,0 | 54,8 | 36 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.06.2016 | 10 412 061,3 | 4 544 485,4 | 43,6 | 5 826 559,9 | 56,0 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.07.2016 | 10 558 061,3 | 4 590 605,3 | 43,5 | 5 926 440,0 | 56,1 | 40 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.08.2016 | 11 003 061,3 | 4 558 692,2 | 41,4 | 6 404 353,1 | 58,2 | 39 966,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.09.2016 | 11 288 061,3 | 4 360 364,9 | 38,6 | 6 884 533,4 | 61,0 | 43 113,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.10.2016 | 11 563 561,3 | 4 422 089,3 | 38,2 | 7 095 809,0 | 61,4 | 45 613,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.11.2016 | 11 646 061,3 | 4 537 941,4 | 39,0 | 7 062 456,9 | 60,6 | 45 613,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.12.2016 | 12 417 661,3 | 4 747 209,6 | 38,2 | 7 584 588,7 | 61,1 | 85 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |